УДК 371.31
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-8-15

**Ажибекова Айзада Токтогуловна**
Ош мамлекеттик университети, ага окутуучу
**Ажибекова Айзада Токтогуловна**
Ошский государственный университет, старший преподаватель
**Ajibekova AizadaToktogulovna**
Osh State University, Senior Lecturer

# АЛГЕРБРА КУРСУ БОЮНЧА ОКУУ ПРОГРАММАЛАРДЫН ЖАНА АДАБИЯТТАРДЫН АНАЛИЗИ
# АНАЛИЗ ПРОГРАММЫ И ЛИТЕРАТУРЫ ПО КУРСУ АЛГЕБРЫ
# ANALYSIS OF THE PROGRAM AND LITERATURE ON THE COURSE OF ALGEBRA

**Аннотация:** Бул макалада окуу китебисиз жана ага кошумча түзүлүүчү колдонмолорсуз бул окуу жайларынын алдына коюлуучу милдеттердин аткарылышын элестетүү мүмкүн эместиги берилген. Мектептин окуу китеби бүткүл окуу процессинин өзүнчө бир сценарийи деп эсептөөгө болот, анткени ал окутуунун мазмунун гана эмес белгилүү даражада аны менен иштөөнүн методикалык ыкмаларын да аныктайт, ал гана эмес мында иштин жалпы маанайы, окутуучунун да, окуучунун да көңүлү камтылат. Социалдык жактан багытталган базар экономикасына өтүүнүн шартындагы билим берүүнүн өнүгүү этабына ылайык окуучулардын өз алдынча иштери эң чоң мааниге ээ болуп жаткан кезде окуу китебинин ролу өзгөчө жогорулап өсүп жатат. Окуу китеби мурдагыдай информациялардын пассивдүү жыйындысы болуудан арылып, азыр эми ал дидактикалык активдүү системага айланып, окуучунун өзүн өзү контролдоосун, өзүн өзү түзөтүп, оңдоосун камсыз кылуучу, анын рухий жактан жетилүүсүнүнө, логикалык ойлоосунда өсүп өнүгүшүнө жана тил маданиятынын калыптанышына натыйжалуу таасир этүүчү каражатка айланып олтурат. Окуу китеби билим берүүнүн мазмунун өздөштүрүүнүн каражаты катары берилген предметтик программадагы окуу материалды толук камтуу менен катар ал илимдин тиешелүү тармагы боюнча окурмандарга эң керектүү энциклопедиялык сөздүк болуп да кызмат кылат. Окуу китебинде берилген илимий таануу идеяларын калыптандыруунун негизин түзөт. Анткени окуу китебинде билим берүүнүн мазмунун. 1 – компоненти: жаратылыш, коом, техника, адам, иштеп эмгектенүүнүн ыкмалары, илимий далилдер, маанилүү терминдер жана таанып билүүлөр, илимдин негизги закондору жана теориялары, методологиялык жана баа берүүчүлүк билимдер баяндалып берилет.

**Аннотация:** В данной статье представлен тот факт, что невозможно представить выполнение задач, поставленных перед учебными заведениями, без учебника и дополнительных пособий. Школьный учебник можно рассматривать как отдельный сценарий всего учебного процесса, поскольку он определяет не только содержание обучения, но и в определенной мере методические приемы работы с ним, и мало того, он включает в себя и общий настрой работы, внимание учителя и ученика. В условиях перехода к социально ориентированной рыночной экономике возрастает роль учебника, особенно когда наибольшее значение приобретает самостоятельная работа учащихся. Учебник освобождается от пассивного сбора информации и становится активной дидактической системой, обеспечивающей самообучение, самоконтроль, самокоррекцию учащегося,

действенное влияние на его духовную зрелость, рост и развитие логического мышления, формирование языковой культуры. Как средство усвоения содержания образования учебник, помимо полного охвата учебного материала данной учебной программы, служит еще и наиболее необходимым для читателей энциклопедическим словарем в соответствующей области науки. Является основой для формирования представлений о научном познании, представленных в учебнике. Так как компоненты содержания образования в учебнике: описание природы, общества, техники, человека, методов работы, научных доказательств, важных терминов и знаний, основных законов и теории науки, методологических и оценочных знаний.

**Abstract:** In the article, it is impossible to imagine the fulfillment of the tasks set before these educational institutions without the textbook and the accompanying manuals. The school textbook can be considered as a separate script of the entire educational process, because it determines not only the content of teaching, but also the methodological methods of working with it to a certain extent, and not only that, it also includes the general mood of the work, the attention of both the Teacher and the student. According to the stage of development of education in the context of the transition to a socially oriented market economy, the role of the textbook is growing especially when the independent work of students is gaining the greatest importance. The textbook is freed from being a passive collection of information, and now it has become an active didactic system, providing the student with self-control, self-correction, and effective influence on his spiritual maturity, growth and development of logical thinking, and the formation of language culture. As a means of mastering the content of education, the textbook, in addition to fully covering the educational material of the given subject program, also serves as the most necessary encyclopedic dictionary for readers in the relevant field of science. Forms the basis for the formation of ideas of scientific knowledge presented in the textbook. Because of the content of education in the textbook. Component 1: nature, society, technology, man, working methods, scientific evidence, important terms and knowledge, basic laws and theories of science, methodological and evaluation knowledge are described.

**Негизги сөздөр:** окуу китеби, билим берүү, окуу программалары, математика, педагог, мугалим, туруктуу өнүгүү.

**Ключевые слова:** учебник, образование, учебная программа, математика, учитель, педагог, устойчивое развитие.

**Keywords:** textbook, education, curriculum, mathematics, Teacher, educator, sustainable development.

Бүгүнкү күндө мектепте иштеп жаткандардын баарына белгилүү болгондой, жалпы билим берүүчү мектептин табиятынан, анын алдында турган милдеттердин маңызынан келип чыккан кыйынчылыктар менен кезигүүгө туура келип жатат. Мектептик билим берүү жалпы программалар жана жалпы окуу китептер боюнча жүргүзүлөт, окуучуларга жалпы талаптар коюлат, ошол эле учурда ар кайсы окуучулардын (бул шексиз, эч ким тана алгыс факт) тигил же бул предметти өздөштүрүүгө карата жөндөмү жана предметке кызыгуусу такыр окшош эмес. Окуу программаларынын талаптары жана окуу китептеринин материалдары идеалдуу аң-сезими, орточо жөндөмү бар окуучуга эсептелинген. Материал өтө оор болгон учурда аны өздөштүрүүгө үлгүрүшпөйт, түшүнбөстүктөр чогула берет да, программалык материалды андан ары өздөштүрүүгө тоскоол болот. Күчтүү окуучулар да

жабыр тартышат, алар өздөштүрө ала турган жана үйрөнгүсү келген билимди толук ала алышпайт.

Кыргызстан эл аралык жана республикалык деңгээлдеги изилдөөлөрдө (PISA жана НООДУ) республикабыздын окуучулардын билими эң төмөнкү көрсөткүчкө ээ болгону белгилүү. Окуучулардын математикалык даярдыктарынын начардыгы көбүнчө төмөнкүлөрдөн билинет: Математиканын айрым бөлүктөрүн, негизги математикалык түшүнүктөрүн окуучулар жакшы өздөштүргөн эмес, математикалык билимдери формалдуу, мейкиндикте элестетүүлөрү, математкалык сөз байлыктары жана ой жүгүртүүлөрү начар, математикалык билимдерин турмушта колдоно алышпайт.

Жалпы билим берүүчү мектептерде бардык балдар бирдиктүү окуу пландары, бирдиктүү окуу программалары, бирдиктүү окуу китептери жана бирдиктүү окуу куралдары менен окутулат. Бирок, бүгүн жаңы дегениң эртең эле эскирип, пайдалануудан чыгып жаткандыгында. Андай абалга билим тармагы да туш болуп келе жатат. Кечээги талаптар эскирип, жаңы идеялар, технологиялар үстөмдүк кылып турган учурда ага тез ыңгайлашуу талабы коюлууда. Мектептеги окуу китептери да ошондой жаңы талаптардын желаргысына туш болгону качан.

2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында эмгек рыногунун талаптарына ылайык окутуунун сапатын көтөрүү, санариптик технологияларды кеңири жана ар тараптуу колдонуу билим берүүдөгү негизги багыттарынын бири экендиги белгиленген [1].

Мектеп ишин жаңылап, жакшыртуунун ичинен окуу предметтерин жогорку илимий-методикалык деңгээлде окутуунун негизинде окуучулардын билимдеринин сапатын кескин түрдө жогорулатып, алардын окууга болгон милдеттүүлүктөрүн күчөтүү, жоопкерчилигин сездирүү, окуп-таанып билүүчүлүк, ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүү эң башкы милдет болуп эсептелет.

Окуу китеби – белгилүү окуу предмети боюнча окутуунун максаттарына ылайык программалык жана дидактикалык талаптарга негизделген илимий билимдердин негиздерин баяндоочу китеп. Окуу жайларынын ар бир тиби үчүн (башталгыч мектеп, негизги – базалык мектеп, жалпы билим берүүчү орто мектеп, кечки мектеп, кесиптик-техникалык, атайын орто жана жогорку адистик окуу жайлары ж. б.) алардын талаптарына жооп бергидей, окуучулардын жаш-курактык ж. б. өзгөчөлүктөрүнө туура келгидей өзүнчө Окуу китеби түзүлөт. Окуу китебине кошумча хрестоматиялар, маселелердин жыйнактары, сөздүктөр, энциклопедиялар, дидактикалык материалдар, таблицалар, схемалар, предметтик буклеттер сыяктуу көптөгөн окуу-көрсөтмө колдонмолору түзүлөт. Билим берүү процессинде окуучулардын өз алдынча чыгармачылык менен изденип эмгектенүүлөрүн өнүктүрүүнүн зарылдыгы улам күчөп турган кезде мындай колдонмолордун маанилүүлүгү ого бетер күчөп жатат. Илимийлүүлүк принциби боюнча түзүлгөн китепте окулуучу курстун спецификалык бөтөнчөлүгү жана анын өзгөчөлүктөрү толук эске алынуу менен дүйнөнүн илимий картинасы кеңири сүрөттөлүп берилет. Дүйнөнүн мындай көрүнүшү: Мыйзамдардын жана мыйзамченемдүүлүктөрдүн, илимий теориялардын, илимий концепциялардын, илимий гипотезалардын (божомолдоолордун), илимий түзүлүштөрдүн, илимий терминдердин иерархиялык бири-бирине багынычтуулугун чагылдырат.

Окуу китебин мектеп окуучуларын окутуунун атайын каражаты катары түзүү жана колдонуу практикасы эзелтен эле башталган. Ошол эле учурда мектеп үчүн окуу китебинин максаты, анын түзүлүшү, мазмуну жана көлөмү жөнүндө маселелер бардык тарыхый

этаптарда коюлуп келген. Мектеп социалдык институт катары өз заманынын экономикалык, саясий жана маданий кубулуштарынын өзгөчө бир чагылышы болуп эсептелет. Мектептик билим берүү жаңы башталганда эле улуу дидакт Я.А. Коменский китепти окутууда колдонуунун атайын теориясын түзгөн. Ал китепти педагогдун колундагы кубаттуу курал катары, окуу-тарбиялоо процессин өркүндөтүүгө атайын ылайыкталган курал катары караган: "китептер кыска жана мазмундуу болот, алар адамдын акыл-эсин ачкыч менен ачкан сыңары, ар түрдүү нерселерди *иликтөөгө жана түшүнүүгө даярдалган сыңары болот" [2].* Дал ошол Я.А. Коменский алгачкы окуу китептеринин түзүүчүсү болуп эсептелет. Ал окуу китебин педагогдук (окутуучулук) ишмердикти уюштуруунун каражаты, б.а. мугалимдин жардамчы куралы деп эсептелсе, К.Д.Ушинский окуу китебин окуу ишмердигинин каражаты, б.а. окуучунун жардамчы куралы деп эсептеген [3].

Окуу китебин түзүүнүн теориясында айрыкча ролду мектептин окуу китебинин азыркы шарттардагы функциясын аныктоо аткарат. Бир жагынан окуу китеби көпчүлүк окуучулар үчүн билимдин жана окуу маалыматтарынын эң маанилүү булагы жана билим берүүнүн мазмунун алып жүрүүчү болуп эсептелинет. Башка жагынан алганда, окуу китеби – окутуунун каражаты, анын жардамы менен билим берүү процессин уюштуруу, анын ичинде окуучулардын өз алдынча билим алуусу да аткарылат. Окуу китеби конкреттүү билимдерди өздөштүрүүгө, окутуу процессинде окуучуларда жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү, өз алдынча чыгармачыл ишмердүүлүктүн тажрыйбасын, предметти түшүнүү, зарыл маалыматтарды издөө жана табуу көндүмдөрүн иштеп чыгууга көмөктөшүүгө тийиш.

Окуу китебинде окуп үйрөнүүгө тиешелүү болгон билимдердин көлөмү билим берүү деңгээлинде берилет. Окуу китебинин мазмуну жана түзүлүшү орто мектепте математиканы окутуунун маселелеринин негизинде жана предметтин өзгөчөлүгүнө карата аныкталат. Мына ошондуктан математика окуу китебине төмөндөгүдөй милдеттерди коёт:

а) логикалык ой-жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү;

б) окуучуларга жеткиликтүү боло тургандай системалуу, илимий негизделген математика боюнча негизги теориялык маалыматтарды берүү;

в) методикалык көз карашка туура келе тургандай удаалаштыкта ар кандай мисал, маселелелерди жана көнүгүүлөрдү жетиштүү боло тургандай киргизүү.

Окуу китеби өзүнүн милдетине ылайык, бардык окуу каражаттарынын системасынын ядросу болуу менен тегерегине башка окуу каражаттарын топтойт. Башкача айтканда, окуу китеби - бул илимдин негизин үйрөнүү үчүн окуучуларга арналган негизги каражат.

Орто мектептер үчүн математика окуу китеби аныкталган логикалык принциптердин негизинде, окуучулардын жаш курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутуунун максаттарына жана бекитилген окуу программасына ж.б. ылайык түзүлөт.

Математика окуу китебинин баалуулугу системалуу түрдө берилген материалдарды өздөштүрүүгө карата берилүүчү мисал, маселелердин жана көнүгүүлөрдүн жетишерлик түрдө көп берилиши болот. Окуу китебиндеги көнүгүүлөрдүн системасы анын бардык темаларын жана мазмунун толук камтышы зарыл. Ошондой эле көнүгүүлөрдүн ар кандай деңгээлде берилиши максатка ылайык: төмөнкү деңгээл, ортоңку деңгээл жана жогорку деңгээл (чыгармачыл ой-жүгүртүнү талап кылуучу көнүгүүлөр). Көнүгүүлөр окуучулардын билим, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандырууга, өнүктүрүүгө негиз түзүү менен алардын өз алдынча чыгармачылыкта иштөөсүнө мүмкүнчүлүк түзөт.

Математикалык маселелерди Туруктуу өнүгүүнүн максаттарынан, турмуштук кырдаалдагы маселелерди колдонуу аркылуу окуучулардын математикалык ой жүгүртүүсүн

өнүктүрүүгө берилгендердин жана изделүүчүнүн сандык катыштарынын схема же сүрөттөр түрүндө көрсөтмөлүү, кооз түшүнүктүү сүрөттөр менен берилиши мисал жана маселелелерди чыгарууга жана кызыгуусуна окуучуга чоң жардам берет.

Окуу китебинин көрсөтмөлүү болушу төмөндөгү функцияларды аткарат:

1) Таанып- билүү функциясы;

2) Окуучулардын иш-аракеттерин башкаруу функциясы;

3) Интерпретациялоо функциясы;

4) Эстетикалык функциясы.

Таанып-билүү функциясынын методикалык максаты-үйрөнүүчү объектинин образын билүүнү калыптандыруу болуп ал жөнөкөйдөн татаалга өтүү процесси болуу менен эң негизги максаты өтүлүүчү материалга ой-жүгүртүүнү камсыз кылуу.

Окуучулардын иш-аракеттерин башкаруу функциясы багыт берүүчү, текшерүүчү жана коммуникациялык максаттардын үстүндө иш жүргүзөт. Окуучуларды маселелердин берилген шарты боюнча же жардамчы элементтерди киргизип, чиймелерин сызуу жана эсептөөлөрдү жүргүзүүгө окуу китебинин көрсөтмөлүү функциясынын багыт берүүчү максаты иш жүргүзөт. Текшерүүчү максаты окуучулардын чийген чиймелеринин туура же туура эмес экендигин аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Ал эми коммуникациялоо максатында окуучу берилген фактыны түзүлгөн модель боюнча өз алдынча өздөштүрө алат жана башка окуучуга же мугалимге түшүндүрүп айта алат.

Интерпретациялоо функциясында бир эле объектини ар кандай белгилердин жана моделдердин жардамы менен көрсөтүү жүрөт. Мисалы, тегерек сүрөт менен, чийме менен жана түгөй (борбору менен радиусу) аркылуу берилет. Ар бир моделдин аныкталган шартта коюлган максаттарга ылайык көрсөтмөлүүлүк каражаты колдонулушу анын интерпретациясы болот. Объектини ар кандай интерпретацияда билүү анын образын ар тараптан таанып-билүүгө алып келет.

Көрсөтмөлүүлүктүн эстетикалык функциясы окуучулардын көңүлүн окуу материалына максаттуу бурууну камсыз кылууда турат. Көрсөтмөлүүлүктүн ар кандай функцияларын колдонуу менен окуу китеби окуучулардын максаттуу ой-жүгүртүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөт.

Окуу китеби жана окуу куралы окутуу процессинде программалык материалды өздөштүрүүдө класстык жана үй тапшырмасын аткарууда эң негизги орунда турат. Системалуу түрдө окуу китеби жана окуу куралы менен иштөөнү туура уюштуруу окуучулардын математика боюнча билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруунун эң негизги шарты болот.

Окутуунун каражаттарынын системасындагы окуу китебинин орду жөнүндө жалпы теориялык түшүнүктөрдүн өнүгүшүн белгилеп кетсек болот. XX кылымдын 30-жылдарынын башталышындагы окуу китептери мектепте окутуунун негизги каражаты катары болуу менен окуучуларга системалаштырылган билимди берүүнү уюштурууга багытталган эмес жана окуу китептеринин маалыматтык функциясы толук өлчөмдө ишке ашкан эмес. 50-жылдардагы окуу китептери сабакта алынган билимди кайталоонун жана бекемдөөнүн каражаты жана окуучунун үйдөгү жумушунун жардамчысы катары каралган. 80-жылдардагы окуу китептеринин теориясында жаңы тенденция - окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн оң мотивациялоонун ыкмаларын иштеп чыгуунун, окуу материалдарынын ашыкча оордугун азайтуунун, окуучулардын чыгармачылык ишмердигин стимулдаштыруу тенденциясы калыптанат [4, 25б].

Заманбап математикалык окуу китептери бардык өзүнөн мурдагылардан бир гана мазмуну жана логикалык, структуралык түзүлүшү боюнча гана эмес психологиялык жактан кеңири интеллектуалдык фондун камсыз кылуу менен дагы принципиалдуу айырмаланышат. Окуу китептеринин теориясы педагогика, психология жана базалык илимдердин негизинде түзүлөт.

Илимий-методикалык көз караштарды жана заманбап психологиялык-педагогикалык билимдердин абалын эсепке алуу менен мектептик окуу китептеринин мазмуну жана структурасы билим берүүдөгү теория жана практиканын актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат.

И.Б.Бекбоев өзүнүн изилдөөлөрүндө төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарган: “Бүгүнкү күндө билим берүүнүн мазмуну үч деңгээлде ишке ашырылууда: стандарт, болжолдуу окуу программа жана конкреттүү окуу китеп. Мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын аткарылышы билим берүүнүн бардык мекемелери жана бардык педагогдор үчүн милдеттүү болуп эсептелет. Өзүнүн милдеттүүлүгүнүн жана ошол эле убакта академиялык эркиндиктерди сактоонун зарылдыгынан билим берүүнүн мазмуну стандартта ири диактикалык бирдиктер менен аныкталат, ал мазмун андан кийин өз кезегинде окуу программаларында жана окуу китептеринде андан ары конкреттештирилет [5, 306б].

И.Я. Лернер окуу китеби өзүндө дидактикалык изилдөөлөрдүн өз алдынча объектилерин камтып тура тургандыгын белгилейт [6, 7].

Бул маселеге ылайык ар бир предмет боюнча мектептик окуу китептери өздөрүнүн спецификасына ээ болуу менен бирге берилген педагогикалык проблемаларды толук чагылдырат. “Окуу китеби” түшүнүгүн аныктоо үчүн алгач анын функцияларын билүү зарыл. Салттуу окуу китептери төмөндөгүдөй негизги эки функцияны аткарышат:

1. Окуу китеби каралып жаткан билим берүү стандартынын мазмунунун формасында жеткиликтүү болгон окуу маалыматтарынын булагы болуп эсептелинет.
2. Билим берүү процессин уюштуруунун жана анын ичинен окуучунун өзүн-өзү өнүктүрүүсүнүн жардамы менен окутуунун каражаты катары кызмат кылат.

А.В. Хуторский, окуу китеби аныкталган предметтер боюнча билим берүү процессин уюштуруу үчүн зарыл болгон системалуу каралуучу материалдарды камтып туруучу талаш-тартыштуу ырастоолор деп изилдөөлөрүндө көрсөткөн [8].

Окуу китебин реалдуу дүйнөнүн чагылдырылышы катары түшүнсөк болот, бирок дүйнөнүн өзү эмес окуучунун жеке көз карашынан реалдуулукка өтүүсү. А.В. Хуторский белгилегендей инсанга багытталган окутуу - окуу китебин жогорудагыдай дүйнөнүн гана эмес, өздүк дүйнөнүн да чагылдырылышы катарында түшүнүүгө муктаж [9, 14б].

Аталган маселе окуу китептери жана билим берүү чөйрөсүнүн катыштарын анализдөөдө кененирээк байкалууда. А.В. Хуторский окуучуга билим берүү продукциясынын өзгөчө компоненти катарында инсанга багытталган окуу китептерин түзүү идеясын сунуштайт. Мындай сунуш, эгерде окуу китептери электрондук формада түзүлгөн учурда гана толук реалдуу аткарылары шексиз [9, 5б].

Заманбап теориялык талаптарда окуу китептеринин мазмундарын салыштырууда функционалдык жагына көңүл буруу маанилүү орунду ээлөөдө. Эгерде маалыматтар жалпы түрдө эмес окуучулардын жаш курак өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен берилсе, анда окуу китеби маалыматтардын негизги булагы катары аныкталган шарттарда белгилүү функцияларды аткарат. Окуу китебинин негизги функциялары – мугалимдерге окуу процессинин бардык элементтерин иштеп чыгууга мүмкүндүк берген окуу процессинин

моделдерин жайылтуу катары кызмат кылат. Илимий адабияттарда окуу китебинин 40ка жакын функциялары аныкталган. Жаңы окуу китептерин конструкциялоо үчүн окуу китептеринин маанилүү функцияларын билүү зарыл.

И.П. Подласый окуу китебинин үч дидактикалык функциясын аныктап көрсөткөн:

- мотивациялык, берилген предметти өздөштүрүүгө кызыгууну жана позитивдүү мамилени түзүүчү;
- маалыматтык, бардыгына жеткиликтүү жол менен окуучулардын билимдеринин көлөмүн кеңейтүү;
- текшерүүчү-коррекциялык, текшерүүнүн мүмкүнчүлүктөрү, өзүн-өзү баалоо жана окутуу процессин коррекциялоо, зарыл билимдерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн такшалтуучу көнүгүүлөрдү аткаруу [10, 203б].

А.З.Рахимов "Окуу китебинин стратегиялык функциялары мугалимдер жана окуучулар үчүн арналганын далилдейт" деп белгилеген [11, 30б].

Демек, туура түзүлгөн окуу китеби мугалимдердин методикалык аң сезимин өнүктүрөт жана окутуунун логикасын ачып берип окуу процессин уюштурууга жетекчилик кылса, ал эми окуучулар үчүн окуу материалдарынын булагы жана аны өздөштүрүүнүн инструменти болуп саналат деген жыйынтыкка келебиз.

В.П. Максаковский жаңы типтеги окуу китептеринин төмөндөгүдөй функцияларын аныктап көрсөтөт:

- курчап турган дүйнөнүн кенен чагылдырылган илимий картинасы (иерархия түрүндө: закондор – закон – ченемдүүлүктөр – илимий теориялар – илимий гипотезалар – илимий түшүнүктөр – фактылар);
- фундаменталдык билимге багыттоо (келечектеги кесибине көз каранды болбогон);
- теориялардын уюштуруучу ролу (фактыларды белгилери боюнча жалпылоо);
- окуучулардын өз алдынча билимге умтулуусун мотивациялоо;
- дифференцирленген мамиле;
- проблемалуу окутуу;
- илимдүүлүк менен жеткиликтүүлүктүн балансы [12, 37б].

Жогоруда көрсөтүлгөн ой жүгүртүүлөрдүн негизинде Э.Г. Гельфман заманбап мектептик окуу китептеринин төмөндөгүдөй негизги функцияларын сунуштайт [13, 132б].

Маалыматтык функция. Окуу китеби – бул билим алуу максатында өсүп келе жаткан муундардын өздөштүрүүсү үчүн арналган илимий тажрыйбалардын каражаты болуп саналат б.а. билим берүүчүлөрдүн көзөмөлү астында учурдагы коомдун өнүгүү тибине жана деңгээлине туура келген билимдердин системасын, ишмердүүлүк жөндөмдүүлүктөрүн берүү. Окуу китебин психологиялык аспектте алып караганда анын түзүү принциптерин кайра кароо зарылчылыгы келип чыгат.

Л.П. Доблаевдин ою боюнча "Окуу китеби – эстеп калууга арналган даяр билимдердин булагы эмес, ал баарынан мурун чыгара билүүнү жана таба билүүнү талап кылган билим берүүчү тапшырмалардын жана маселелердин булагы " [14, 47б].

Коом жаңы билимдерге, идеяларга, чыгарылыштарга жана жеткиликтүү өнүккөн, толук калыптанган теориялык билимдердин бөлүмдөрүн камтыган жаңы предметти же курсту окуу планына киргизип, өсүп келе жаткан жаш муундарды массалык окутуу практикасында тез жайылтууга абдан муктаж. Бул шартта билим берүүнү жөнгө салуу убактылуу программаны жайылтуу жолу менен жүргүзүлөт. Бирок, илимдин өзүндө жана методиканын жобосунда карама-каршы пикирдеги жана талаш негиздеги программа

илимдин же кесиптик ишмердүүлүктүн анык эмес абалын чагылдыргандыктан, мындай чечим негизделген коркунучтарды пайда кылат. Ошондуктан, программаны иштеп чыгуу жаңы курстун окуу – тарбиялык милдеттери аныкталган учурда гана, окуу китебин текшерүү процессинде ишке ашырылат.

Окуу китебинде окуу маалыматтарынын көп өлчөмдө берилүүсү, ресурстарынын жеткиликтүү эмес деңгээлде түзүлүшү, окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн жана предметке болгон кызыгуунун төмөндөөсүнө гана алып келбестен, аларда ыңгайсыздыкты да пайда кылат. Окуучуларга көп өлчөмдөгү материалдарды берүү, алардын билимдерин төмөнкү сапаттык көрсөткүчкө дуушар кылууда. Ошондуктан, акыркы жылдар аралыгында мектептик билим берүү системасынын алдына билим берүү процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу шарты катарында, окуу программасынан тышкаркы кошумча материалдарды кружоктордо ж.б. кошумча тандоо сабактарында кароо сунушталууда.

**Колдонулган адабияттар:**

1. 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы / – Бишкек, 2018.

2. Коменский Я.А. Избранные педагогические сочинения. П.–М. Пеагогика, 1982.

3. Ушинский К.Д. Избранные педагогические сочинения// М.: Учпедгиз, 1953.–429с.

4. Иманалиев М. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 5-11 класстары үчүн математика курсунун программасы / М. Иманалиев, И Бекбоев, А Абдиев. –Бишкек, 2008. –25 б.

5. Бекбоев, И.Б. Окуучу, мектеп, мугалим: улуттук педагогика илиминин контекстинде Илимий-педагогикалык макалалардын жыйнагы/ И.Б. Бекбоев. 2-китеп. –Бишкек: 2015. –464 б.

6. Лернер, И.Я. Критерии сложности некоторых элементов учебник / И.Я. Лернер // Проблемы школьного учебника, –М.: Просвещение, 1974. –Вып.1. – С.47-58.

7. Лернер, И.Я. Методологические проблемы дидактической теории построения учебника/ И.Я. Лернер // Каким быть учебнику: Дидактические принципы построения. – М.: Изд-во РАО, 1992. –Ч.1. –С. 7-26.

8. Хуторской, А.В. Место учебника в дидактической системе / А.В. Хуторской// Педагогика, 2005.– №4. – С. 10-18.

9. Хуторской, А.В. Эвристический тип образования: результаты научно-практического исследования / А.В. Хуторской // Педагогика, 1999. – №7.– С. 13-22.

10. Подласый И.П. Педагогика: учеб. для студентов педвузов // М.: Просвешение, ВЛАДОС, 1996. – 432 с.

11. Рахимов, А.З. Логико-психологическая концепция разработки школьных учебников / А.З. Рахимов // Проблемы школьного учебника. – М.: Просвещение, 1991.– Вып.20 – С. 27-34.

12. Максаковский, В.П. О новой концепции школьного географического образования / В.П. Максаковский // География в школе, 1989. – №2. – С. 34-40.

13. Гельфман, Э.Г. Психодидактика школьного учебника. Интеллектуальное воспитание учащихся / Э.Г. Гельфман.// –М.: Питер. 2006. –384 с.

14. Доблаев, Л.П. Смысловая структура учебного текста и проблемы его понимания / Л.П. Доблаев. –М.: Педагогика, 1982. –176 с.